# من خلقني؟ ولماذا؟

# Мени ким жараткан? Эмне үчүн жараткан?

# Мени ким жараткан? Эмне үчүн жараткан?

## Ар бир нерсе Жаратуучунун бар экенине далил боло алат.

Асмандар менен жерди жана алардагы курчап алгыс улуу макулуктарды ким жараткан?

Асман жердеги так жана кемчиликсиз тартипти ким орноткон?

Инсанды ким жаратты, ага угуу, көрүү касиеттерин, акылды ким берди? Аны илим алууга жана нерселердин маңызын түшүнүүгө жөндөмдүү кылып жараткан ким?

Өз денеңдеги жана тирүү организмдердин денесиндеги бул кылдат жасалган системаны кандай түшүндүрөсүң? Аны эң биринчи ким жоктон бар кылган?

Бул эбегейсиз аалам ушунча жылдар бою өзүнүн так, чебер мыйзамдарын кантип өзгөртпөй сактап келе жатат?

Бул ааламды башкарган мыйзам-системаны ким орноткон (өмүр менен өлүм, тирүүлөрдүн тукум улоосу, түн менен күн, жыл-мезгилдеринин алмашуусу, ж.б.у.с.)?

Бул барлык өзүн-өзү жараттыбы? Же ал жоктон бар болуп калдыбы? Же кокустан эле пайда болдубу?

Эмне үчүн инсан өзүнүн көзүнө көрүнбөгөн нерселердин бар экенине ишенет? Мисалы: кабылдоо, акыл, жан, сезүү, сүйүү, ж.б. Алардын бар экендигинин белги-издерин көрүп жаткандыгынан эмеспи? Инсан Анын жаратылышында, чеберчилик менен жасоосунда, ырайымында жаратуучунун бар экендигинин белгисин, изин көрүп туруп, бул улуу жаратылыштын Жаратуучусу бар экенин кантип танат?

Мына ушул имаратты эч ким курбай эле, өзүнөн-өзү пайда болуп калган десең, же: бул имаратты жоктук пайда кылган десең, эч бир акылдуу жан ага ишенбейт. Анан кантип кээ бир адамдар бул улуу жаратылыш жаратуучусу жок, өзүнөн-өзү

пайда болгон деген сөзгө ишенет? Ааламда өкүм сүрүп жаткан бул кынтыксыз тартип кокустан пайда болгон деген сөзгө акылдуу адам кантип ишенсин?!

Аллах Таала айткан:

(أَمۡ خُلِقُواْ مِنۡ غَيۡرِ شَيۡءٍ أَمۡ هُمُ ٱلۡخَٰلِقُونَ، أَمۡ خَلَقُواْ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَۚ بَل لَّا يُوقِنُونَ).

"Же жок жерден жаратылыштыбы, же алар өздөрү жаратуучубу, же асмандар менен жерди жаратыштыбы? Жок! Алар ишенбейт". (52: 35)

## Кемчиликтен Аруу Аллах Таала

Рабби, Жаратуучу Жалгыз гана. Анын толуктугун көрсөткөн көптөгөн улук ысым жана сыпаттары бар. Анын ысымдарынын кээ бирлери: Жаратуучу, Мээримдүү, Ырыскы берүүчү, Жоомарт. Аллах деген ысымы кемчиликсиз Улук Заттын эң белгилүү ысымы. Анын мааниси: Ал Өзү жалгыз ибадат кылууга татыктуу. Анын шериги жок.

Аллах Таала ыйык Куранда минтип айткан:

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ * ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ *لَمۡ يَلِدۡ وَلَمۡ يُولَدۡ *وَلَمۡ يَكُن لَّهُۥ كُفُوًا أَحَدُۢ﴾

Айт (оо, Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!

Аллах – Сомад (Беймуктаж).

Төрөбөгөн жана төрөлбөгөн.

Ага теңдеш эч нерсе жок. (112: 1-4).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿اللَّهُ لا إِلَهَ إِلَّا هُوَ الْحَيُّ الْقَيُّومُ لا تَأْخُذُهُ سِنَةٌ وَلا نَوْمٌ لَهُ مَا فِي السَّمَوَاتِ وَمَا فِي الأَرْضِ مَنْ ذَا الَّذِي يَشْفَعُ عِنْدَهُ إِلَّا بِإِذْنِهِ يَعْلَمُ مَا بَيْنَ أَيْدِيهِمْ وَمَا خَلْفَهُمْ وَلا يُحِيطُونَ بِشَيْءٍ مِنْ عِلْمِهِ إِلَّا بِمَا شَاءَ وَسِعَ كُرْسِيُّهُ السَّمَوَاتِ وَالأَرْضَ وَلا يَئُودُهُ حِفْظُهُمَا وَهُوَ الْعَلِيُّ الْعَظِيمُ﴾

Аллах – Андан башка ибадатка татыктуу кудай жок. Ал (түбөлүк) Тирүү, (бардыгын) башкарып Туруучу. Ал үргүлөбөйт жана уктабайт. Асмандар менен жердегинин баары Ага тандык. Эч ким Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча шапаат-колдоо көрсөтө албайт. Ал алардын келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми, алар болсо, Анын илиминен Ал

Өзү каалагандан башка эч нерсени билбейт. Анын Курсийи асмандар жана жерди камтып турат. Ал экөөнү (асмандар менен жерди) сактап туруу Ага эч тоскоолдук кылбайт. Ал Бийик жана Улуу! (2: 255).

## Кемчиликтерден Аруу Аллах Тааланын сыпаттары

Раббибиз жерди жаратып аны баш ийдирген Ал Өзү. Ал жерди жандуулардын жашоосуна ылайыктуу кылган. Асмандарды жана андагы жаратылган улук нерсенин баарын жараткан Ал Өзү. Күн, ай, түн, күндүз мына ушул так жайгаштыруулардын баары Аллахтын улук кудуретине далил.

Ал - бизге ансыз жашоого мүмкүн болбогон абаны баш ийдирип койду. Ал - бизге асмандан жамгыр жаадырып, дарыя, деңиздерди моюн сундурду. Ал - биз эненин ичинде күч-кубатсыз түйүлдүк болуп жатканда бизди азыктандырды. Ал - биз төрөлгөндөн өлгөнгө чейин кан

тамырларыбызда канды айландырып, жүрөгүбуздү соктуруп турат.

Аллах Таала айткан:

﴿وَاللَّهُ أَخْرَجَكُمْ مِنْ بُطُونِ أُمَّهَاتِكُمْ لَا تَعْلَمُونَ شَيْئًا وَجَعَلَ لَكُمُ السَّمْعَ وَالْأَبْصَارَ وَالْأَفْئِدَةَ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ﴾

«Аллах силерди апаңардын курсагынан чыгарды. Силер (ал кезде) эч нерсе билбейт элеңер. Анан силерге кулак, көз жана жүрөктөрдү берди. Кана эми, шүгүр кылсаңар?!». (16: 78)

## Ибадатка татыктуу болгон Рабби эч кемчилиги жок сыпаттар менен сыпатталуууга тийиш.

Жаратуучубуз бизге Өзүнүн улуулугун билдире турган акыл берди жана Анын кемчиликсиздигин көрсөткөн тубаса табиятты тартуулады. Демек, Анын кемчиликтүү сыпаттар менен сыпатталуусу мүмкүн эмес.

Ибадат жалгыз гана Аллахтын Өзүнө аткарылуусу керек. Толук ибадатка татыктуу Ал Өзү гана. Андан башка ибадат кылынган нерсенин баары батыл,

кемчиликтүү, өлүүгө жана жок болууга ылайык.

Ибадат кылына турган нерсе адам, таш-буркан, бак-дарак жана жан-жаныбар болуусу мүмкүн эмес.

Акылдуу адамга толук нерсеге гана ибадат кылуу ылайык. Анан кантип өзүнөн да төмөн макулукка ибадат кылат?

Рабби эненин жатынында түйүлдүк болуп жатып, анан бөбөктөй болуп төрөлүүсү мүмкүн эмес.

Рабби - бүт жаратылышты жараткан Ал Өзү. Жаратылгандардын баары Анын чеңгелинде жана башкаруусунда. Адам баласынын Ага зыян жеткирүүсү мүмкүн эмес. Эч ким Аны ача жыгачка керип, азаптап, кордой албайт!

Рабби өлүүгө тийиш эмес!

Рабби - Ал унутпайт, уктабайт, тамак жебейт. Ал Улуу Зат. Анын жуп-жубайы, баласы болушу мүмкүн эмес. Жаратуучунун сыпаттары да улуу. Аны эч качан кемчиликтүү, муктаждыгы бар

сыпаттар менен сыпатталуусу мүмкүн эмес. Пайгамбарлар айтты делген Жаратуучунун улуктугуна каршы келген сыпатты камтыган текст, далилдердин баары (жалган) өзгөртүлгөн тексттер. Мындай тексттер Муса, Иса ж.б. пайгамбарлар (аларга Аллахтын салам-салаваттары болсун) алып келген туура аян-кабарлардан эмес.

Аллах Таала минтип айткан:

يَا أَيُّهَا النَّاسُ ضُرِبَ مَثَلٌ فَاسْتَمِعُوا لَهُ إِنَّ الَّذِينَ تَدْعُونَ مِنْ دُونِ اللَّهِ لَنْ يَخْلُقُوا ذُبَابًا وَلَوِ اجْتَمَعُوا لَهُ وَإِنْ يَسْلُبْهُمُ الذُّبَابُ شَيْئًا لَا يَسْتَنْقِذُوهُ مِنْهُ ضَعُفَ الطَّالِبُ وَالْمَطْلُوبُ (73) مَا قَدَرُوا اللَّهَ حَقَّ قَدْرِهِ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ (74)

"Эй адамдар! Бул салыштырууну угуп алгыла: Аллахтан башка силер дуба кылып жаткан "кудайлар" баары чогулса да бир чымынды жарата албайт. Чымын алардан бир нерсени тартып алса, аны андан куткара алышпайт. Тилегендер да, тилек багытталгандар да алсыз". (73)

"Алар Аллахтын кадырын (Өз кадырындай) кадырлай албады.

Чынында, Кубаттуу да, Кудуреттүү да – Аллах". (74) (22: 73,74).

## Жаратуучубуз бизди (жаратып, анан) аян-кабарсыз калтырып коюусу акылга сыя турган ишпи?

Аллах бул макулуктарды максатсыз эле жаратып койгон деп айтуу акылга сыябы? Ал Өзү Даанышман, Билүүчү болуп туруп (бизди) жөн эле жаратып койобу?

Бизди ушундай тактык, чеберчилик менен жаратып, бизге жети кат асман менен жердегинин баарын моюн сундуруп койгон Аллах, бизди эч кандай максатсыз эле жаратып, "Биз эмне үчүн жаратылдык? Өлүмдөн кийин эмне болот? Жаратылуудагы максатыбыз эмне?" деген сыяктуу бизди түйшөлткөн суроолорубузду жоопсуз калтырып коюусу акылга сыябы?

Жок, андай эмес. Биз жаратылуудагы максатыбызды жана бизден эмнени каалаарын билүүбүз үчүн Ал бизге пайгамбарларын жиберди.

Аллах Өзү гана ибадатка татыктуу экенин кабарлоо үчүн, кандай ибадат кылууну үйрөтүү үчүн, Анын буйруктарын жана тыюуларын бизге жеткирүү үчүн бизге пайгамбарларды жиберди. Пайгамбарлар бизге, биз аны аткарсак жашообуз жакшылык жана берекеге толо турган ийги баалуулуктарды үйрөттү.

Аллах Таала Нух, Ибрахим, Муса, Иса сыяктуу көптөгөн элчи-пайгамбарларды жиберди. Алар Жаратуучудан келген пайгамбар экенин тастыктоо үчүн аларга көптөгөн аят-белгилерди, мужизаларды берди.

Элчилердин эң акыркысы - Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) - Аллах ага ыйык Куранды түшүрдү.

Элчи-пайгамбарлар бизге бул дүйнө жашоосу сыноо үчүн экенин, чыныгы жашоо өлүмдөн кийин болорун ачык-айкын кабарлап беришкен.

Өлүмдөн кийинки жашоодо, эч шериги жок жалгыз Аллахка ибадат кылган, бардык

элчи-пайгамбарларга ишенген ыймандууларга бейиш бар экени, ал эми Аллахтан башкага сыйынган каапырларга же Анын элчилеринен кайсы бирине ишенбеген каапырларга Аллах тозокту даярдап койгонун кабарлашты.

Аллах Таала минтип айткан:

يَابَنِي آدَمَ إِمَّا يَأْتِيَنَّكُمْ رُسُلٌ مِنْكُمْ يَقُصُّونَ عَلَيْكُمْ آيَاتِي فَمَنِ اتَّقَى وَأَصْلَحَ فَلَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَ (35) وَالَّذِينَ كَذَّبُوا بِآيَاتِنَا وَاسْتَكْبَرُوا عَنْهَا أُولَئِكَ أَصْحَابُ النَّارِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ (36)

"Оо, адам балдары! Силерге өзүңөрдөн чыккан элчилер келип, Менин аяттарымды айтып бергенде, ким такыба болуп, өзүн оңдосо, аларга коркуу жок, жана алар кайгыга да батышпайт. (35)

Ал эми Менин аяттарымды жалганга чыгарып, ага текеберлик кылгандар, мына ошолор тозоктун тургундары. Алар анда түбөлүк калышат. (36).

(7: 35-36).

Аруу Аллах минтип айтты:

﴿ أَفَحَسِبْتُمْ أَنَّمَا خَلَقْنَاكُمْ عَبَثًا وَأَنَّكُمْ إِلَيْنَا لَا تُرْجَعُونَ ﴾

«Биз силерди бекерге (максатсыз) эле жараткан жана Бизге кайтарылып келбейбиз деп ойлойсуңарбы?!» (23: 115).

## Ыйык Куран

Ыйык Куран акыркы пайгамбары Мухаммадга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүргөн Аллах Тааланын сөзү. Куран Мухаммад пайгамбардын пайгамбарлыгынын чындыгын тастыктаган эң улук муъжиза. Анын өкүмдөрү акыйкат, кабарлары чындык. Аллах Таала Куранды жалганга чыгаргандарга Куран сыяктуу бир сүрө болсо да ойлоп талкылачы деп атаандашууга чакырды. Алар анте алышкан жок. Анткени, Курандын жазылуу услубу кооз, сөздөрү керемет. Куран адам баласынын колу менен жазылбаганына, бул адам баласынын Раббисинин сөзү экенине далил болгон көптөгөн илимий ачылыштар, акылга сыя турган далилдер бар.

## Эмне үчүн көп сандагы элчилер жиберилген?

Аллах Таала адам баласынын жашоосу башталган учурдан баштап эле аларды Өзүнө чакыруу үчүн, аларга буйруктарын жана тыюуларын жеткирүү үчүн элчи-пайгамбарларды жиберген. Алардын баарынын чакырыгы: Жалгыз Аллахка ибадат кылууга үндөө болгон. Качан адамдар пайгамбары алып келген бир Аллахка сыйынуу ишениминен тайып, баш тартып же бурмалай баштаганда, Аллах багытты туура нукка буруу үчүн башка пайгамбарды жиберген. Адамдар кайра бир Аллахка сыйынуу ишенимине кайтып, Аллах Таалага ибадат кыла баштайт. Ошентип, элчи-пайгамбарлыкты Аллах Таала Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбар менен жыйынтыктады. Ал кыяматка чейинки бардык адамдарга жалпы тиешелүү болгон шариятты алып келди. Анын шарияты мурдагы шарияттарды толуктоочу жана жокко чыгаруу шарият. Аллах Таала бул

мыйзам жана диндин (миссиянын) Кыяматка чейин сакталып, түбөлүктүү калуусуна Өзү кепилдик берген.

Ошон үчүн биз, мусулмандар Аллах буйругандай, мурдагы пайгамбарлардын жана китептердин баарына ишенебиз.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿ءَامَنَ ٱلرَّسُولُ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡهِ مِن رَّبِّهِۦ وَٱلۡمُؤۡمِنُونَۚ كُلٌّ ءَامَنَ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ لَا نُفَرِّقُ بَيۡنَ أَحَدٖ مِّن رُّسُلِهِۦۚ وَقَالُواْ سَمِعۡنَا وَأَطَعۡنَاۖ غُفۡرَانَكَ رَبَّنَا وَإِلَيۡكَ ٱلۡمَصِيرُ﴾ [2: 285].

"Пайгамбар да, ыймандуулар да, Раббисинен түшүрүлгөн нерсеге ишенди. Баары Аллахка, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын пайгамбарларына ишеништи. Анан: "Биз Анын пайгамбарларынан эч кимисин ажыратып койбойбуз. Раббибиз! Биз (өкүмүңдү) уктук жана баш ийдик! Бизди кечир! Биз Сага кайрылып барабыз" дешти.

(2: 285).

## Элчи-пайгамбарлардын баарына ишенмейинче адам ыймандуу боло албайт.

Элчилерди баарын Аллах Өзү жиберген. Ким анын пайгамбарларынын бирөөсүнө ишенбесе, алардын баарына ишенбеген болот. Инсанга Аллахтын аян-кабарын четке кагуусунан өткөн чоң күнөө жок. Бейишке кирүүгө татыктуу болуу үчүн бардык элчи-пайгамбарларга ыйман келтирүү зарыл.

Азыркы заманда жашап жаткан ар бир адамга Аллахтын бардык элчилерине ишенүү ваажыб. Ал эми мындай ишеним пайгамбарлардын акыркысы болгон Мухаммад пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчүү жана ага ишенүү аркылуу гана болот.

Аллах Таала Куранда Анын кайсы бир пайгамбарына ыйман келтирүүдөн баш тарткан адам Аллахка каапыр жана Анын аян-кабарын жалганга чыгарган болорун айткан:

Төмөнкү аятты оку:

"إِنَّ الَّذِينَ يَكْفُرُونَ بِاللَّهِ ورُسُلِهِ ويُرِيدُونَ أَنْ يُفَرِّقُوا بَيْنَ اللَّهِ ورُسُلِهِ ويَقُولُونَ نُؤْمِنُ بِبَعْضٍ ونَكْفُرُ بِبَعْضٍ ويُرِيدُونَ أَنْ يَتَّخِذُوا بَيْنَ ذَلِكَ سَبِيلًا أُولَئِكَ هُمُ الكافِرُونَ حَقًّا وأَعْتَدْنَا لِلْكَفَرِيْنِ عَذابًا مُهِينًا﴾".

"Аллахка жана анын пайгамбарларына каапыр болгондор, Аллах менен пайгамбарларынын арасын ажыратууну каалап, “Кээ биреөнө ишенип, кээ биреөсүнө ишенбейбиз” дегендер жана эки анжы жолду кармануун каалагандар…

Мына ошолор анык каапырлар, Биз каапырларга жан кейиткен азапты даярдап койгонбуз". (4: 150, 151).

## Ислам деген эмне?

Ислам - бул, Аллахты ибадатка татыктуу жалгыз Кудай деп өзүн тапшыруу, Агы моюн сунуп баш ийүү, Анын шариятына ыраазы болуп, кабылдап аткаруу.

Аллах Таала бардык элчилерди бир гана нерсени жеткирүү үчүн жиберген, ал:

Жалгыз Аллахка эч нерсени шерик кылбай ибадат кылуута чакыруу.

Ислам бардык пайгамбарлардын дини. Алардын чакырыгы бир, болгону шарияттары гана ар түрдүү. Азыркы учурдагы мусулмандар бардык пайгамбарлар алып келген туура динди карманган бирден-бир коом. Бул замандагы Исламдын рисалеси бул акыйкат. Ибрахимди, Мусаны, Исаны жиберген Рабби акыркы пайгамбар Мухаммадды да жиберген. Ислам шарияты өзүнөн мурдагы шарияттарды өчүрүп жокко чыгаруучу болуп келген.

Бүгүнкү күндө адамдар карманып жаткан Исламдан башка диндердин баары адамдар тарабынан чыккан "диндер". Же Аллахтын дини болуп, кийин адамдын колу менен бурмаланып, ырым-жырымдардын, эски (ата-бабалардан мурас болуп калган) уламыштардын жана адамдардын жеке ой пикиринин аралашмасына айланган диндер. Ал эми мусулмандардын ишеним-акыйдасы гана өзгөрбөгөн, ачык-айкын

акыйда. Ыйык Куранды карачы, ал бүт жер бетиндеги мусулмандардын китеби.

Куранда Аллах Таала дагы минтип айткан:

قُلْ آمَنَّا بِاللَّهِ وَمَا أُنْزِلَ عَلَيْنَا وَمَا أُنْزِلَ عَلَى إِبْرَاهِيمَ وَإِسْمَاعِيلَ وَإِسْحَاقَ وَيَعْقُوبَ وَالْأَسْبَاطِ وَمَا أُوتِيَ مُوسَى وَعِيسَى وَالنَّبِيُّونَ مِنْ رَبِّهِمْ لَا نُفَرِّقُ بَيْنَ أَحَدٍ مِنْهُمْ وَنَحْنُ لَهُ مُسْلِمُونَ (84) وَمَنْ يَبْتَغِ غَيْرَ الْإِسْلَامِ دِينًا فَلَنْ يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِي الْآخِرَةِ مِنَ الْخَاسِرِينَ (85).

"Айт (О ыймандуулар): “Биз Аллахка, Бизге түшүрүлгөн нерселерге жана Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Яькубга жана ошолордун урпактарына түшүрүлгөн нерселерге, жана Мусага, Исага жана башка пайгамбарларга Раббиси тарабынан берилген нерселерге ыйман келтирдик. Биз пайгамбарлардын эч биринин арасын ажыратпайбыз жана биз Аллахка моюн сунуучуларбыз”.

Ал эми ким Исламдан башка динди кааласа, андан кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыян тартуучулардан болуп калат».

(3: 84,85).

## Мусулмандар Иса пайгамбар тууралуу кандай ишенимде?

Сен билесиңби? Мусулмандарга Иса пайгамбарга ишенүү, аны сүйүү, урмат кылуу, анын пайгамбарлыгына т.а. жалгыз Аллахка ибадат кылууга чакырган чакырыгына (динине) ыйман келтирүү ваажыб. Мусулмандар Иса да, Мухаммад да (аларга Аллахтын тынчтыгы болсун) пайгамбар болгон, экөө тең адамдарды Аллахтын жолуна, бейиштин жолуна баштоо үчүн жиберилген деп ыйман келтиришет.

Ошондой эле биз, Иса пайгамбар Аллах Таала жиберген эң улуу пайгамбарлардын бири деп ишенебиз. Ал өзгөчө муъжиза менен туулгандыгына ишенебиз. Куранда Аллах Таала бизге Исаны атасы жок жаратканын кабарлаган. Бул Адам атаны атасы да, энеси да жок жаратканына окшош. Аллах бардык нерсеге кудуреттүү.

Ошондой эле Исанын кудай эмес экенине, Аллахтын баласы да эмес экенине, ал ача жыгачка керилбегенине, анын тирүү экенине ишенебиз. Аллах Таала аны адилеттүү өкүмдар кылып акыр заманда түшүрүү үчүн асманга көтөрүп кеткен. Ал түшкөндө мусулмандар менен бирге болот. Анткени, мсулмандар Иса жана башка бардык пайгамбарлар алып келген бир Аллахка сыйынуу динине ыйман келтиришет.

Аллах Таала бизге Куранда Иса пайгамбардын алып келген динин христиандар өзгөртүп жибергенин кабарлаган. Адашып, туура жолдон тайгандар Инжилди өзгөртүп, бурмалап, Иса айтпаган нерселерди кошумчалап жазып коюшкан. Муну Инжилдин бир канча версиясы бар экендиги жана бирине-бири карама-каршы болгон текстердин көптүгү тастыктап турат.

Аллах Таала бизге Иса Раббисине ибадат кылганын, эч кимди ал өзүнө ибадат кылууга үндөбөгөнүн, тескерисинче

коомун жалгыз Жаратуучусуна ибадат кылууга чакырганын, бирок шайтан христиандарды Исага сыйындырып койгонун кабарлаган. Аллах Таала Куранда Аллахтан башкага ибадат кылгандардын күнөөсүн кечирбестигин кабарлаган. Кыямат күнү Иса пайгамбар ага сыйынгандардан жүз буруп кетет. "Мен силерди Жаратуучуга ибадат кылгыла деп буйругандмын. Мага ибадат кылгыла деп буйруган эмесмин" дейт. Буга далил Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ لَا تَغۡلُواْ فِي دِينِكُمۡ وَلَا تَقُولُواْ عَلَى ٱللَّهِ إِلَّا ٱلۡحَقَّۚ إِنَّمَا ٱلۡمَسِيحُ عِيسَى ٱبۡنُ مَرۡيَمَ رَسُولُ ٱللَّهِ وَكَلِمَتُهُۥٓ أَلۡقَىٰهَآ إِلَىٰ مَرۡيَمَ وَرُوحٞ مِّنۡهُۖ فَـَٔامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرُسُلِهِۦۖ وَلَا تَقُولُواْ ثَلَٰثَةٌۚ ٱنتَهُواْ خَيۡرٗا لَّكُمۡۚ إِنَّمَا ٱللَّهُ إِلَٰهٞ وَٰحِدٞۖ سُبۡحَٰنَهُۥٓ أَن يَكُونَ لَهُۥ وَلَدٞۘ لَّهُۥ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِۗ وَكَفَىٰ بِٱللَّهِ وَكِيلٗا﴾

"Эй, китеп ээлери! Силер диниңерде чектен ашпагыла. Аллах тууралуу чындыктан башканы айтпагыла! Анткени Мариям уулу Иса - Аллахтын Элчиси гана. Жана да

Мариямга салган Анын («Бол!» - деген) сөзү жана Андан келген жан.

Аллахка жана Анын элчилерине ишенгиле! «Үчөө» - деп айтпагыла! (Аллахты «үчөө» деп айтуудан)

токтонгула! Бул силер үчүн жакшы. Акыйкатта, Аллах жалгыз Кудай. Ал перзенттүү болуудан таза. Ага асмандар менен жердегилердин баары таандык. Аллах өзү жетиштүү күбө!".

(4: 171).

Аллах Таала минтип айтты:

﴿وَإِذْ قَالَ اللَّهُ يَا عِيسَى ابْنَ مَرْيَمَ أَأَنتَ قُلْتَ لِلنَّاسِ اتَّخِذُونِي وَأُمِّيَ إِلَٰهَيْنِ مِن دُونِ اللَّهِ ۖ قَالَ سُبْحَانَكَ مَا يَكُونُ لِي أَنْ أَقُولَ مَا لَيْسَ لِي بِحَقٍّ ۚ إِن كُنتُ قُلْتُهُ فَقَدْ عَلِمْتَهُ ۚ تَعْلَمُ مَا فِي نَفْسِي وَلَا أَعْلَمُ مَا فِي نَفْسِكَ ۚ إِنَّكَ أَنتَ عَلَّامُ الْغُيُوبِ

«Бир кезде Аллах айтты: "О, Мариямдын уулу Иса! Сен адамдарга: "Аллахты таштап, мени жана апамды кудай кылып алгыла" - деген белең?! (Иса) айтты: "О, Раббим! Сен (шериктен) Аруу-Тазасың! Менин акым жок нерсени айтуу мага туура келбейт! Эгер айтканымда, Сен аны билмексиң. Сен менин жүрөгүмдөгүнү билесиң. Бирок, мен Сенде болгон нерсени биле

албаймын. Сен - кайыптарды да эң жакшы Билүүчүсүң!» (5:116).

Ким акыретте кутулууну кааласа, ал Исламды кабыл кылсын жана Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарды ээрчисин.

Бардык пайгамбарлар жана элчилер (аларга Аллахтын саламы болсун) бир пикирде болгон акыйкаттардын бири, Аллахка ыйман келтирип, Ага эч нерсени шерик кошпой ибадат кылып, бардык элчи жана пайгамбарларга ыйман келтирген мусулмандар гана акыретте (тозоктон) кутулат. Муса пайгамбардын заманында жашап, ага ыйман келтирип, анын жолуна ээрчигендер мусулман жана салих момундар болуп эсептелет. Бирок Аллах Таала Иса пайгамбарды жибергенден кийин, Муса пайгамбарды ээрчигендер эми Иса пайгамбарга ыйман келтирип, анын жолуна ээрчүүсү ваажыб. Иса пайгамбарга ыйман келтиргендер салих мусулман болот. Ал эми ким Исанын динин кабыл кылбай, Мусанын désininде кала берем десе, ал

ыймандуу болуп саналбайт. Анткени, ал Аллах жиберген пайгамбарга ыйман келтирүүдөн баш тартты. Андан кийин Аллах Таала элчилердин акыркысы болгон Мухаммадды жиберди. Эми бардык адамдарга Мухаммадка ыйман келтирүүлөрү ваажыб. Ошол Муса, Иса ж.б. пайгамбарларды жиберген Аллах акыркы пайгамбар Мухаммадды да жиберди. Кимде-ким Мухаммад пайгамбардын динин кабыл кылбаймын, Мусанын же Исанын growth динде кала беремин десе, алы ыймандуу эмес.

Кимдир бирөөнүн мусулмандарды урмат кылам деген сөзү же кимдир бирөөнүн садага берип, жарды-жармачтарга жардам кылганы анын акырет азабынан кутулуусуна жетиштүү болбойт. Аллах анын кылган иш-амалдарын кабыл кылуусу үчүн Аллахка, Анын китептерине, элчилерине, акырет күнүнө ишенүүсү зарыл. Аллахка ширк кошуудан, Ага каапыр болуудан жана Аллах түшүргөн аян-кабарды четке кагуудан жана пайгамбарлардын акыркысы болгон

Мухаммаддын пайгамбарлыгынан баш тартуудан өткөн чоң күнөө жок. Аллахтын элчиси Мухаммаддын (ага Аллахтын мактоо дубасы болсун) пайгамбарлыгын угуп, ага ыйман келтирүүдөн, Исламга кирүүдөн баш тарткан жөөттөр жана христиандар тозок отуна түшүшөт. Анда түбөлүк калышат. Аллах Таала минтип айткан:

{إِنَّ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ وَالْمُشْرِكِينَ فِي نَارِ جَهَنَّمَ خَالِدِينَ فِيهَا ۚ أُولَـٰئِكَ هُمْ شَرُّ الْبَرِيَّةِ}

"Китеп берилгендерден жана мушриктерден (Мухаммадга) каапыр болгондору тозоктун отунда түбөлүк калышат. Мына ошолор тирүү жандардын эң жамандары".

(98 :6).

Ошентип адамзатка Аллахтын акыркы дини келди. Ислам жана акыркы пайгамбар Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоо дубасы болсун) жөнүндө уккан ар бир инсанга - ага ыйман келтирүү, анын шариятын кармануу, буйрук жана тыюусуна баш ийүү важыб болот. Ошон

үчүн бул акыркы пайгамбарлыкты угуп туруп андан баш тарткан адамдын эч бир иш-амалы кабыл кылынбайт жана акыретте азапка кириптер болот. Буга далил Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَمَن يَبْتَغِ غَيْرَ ٱلْإِسْلَٰمِ دِينًا فَلَن يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِى ٱلْءَاخِرَةِ مِنَ ٱلْخَٰسِرِينَ﴾

«Жана ким Исламдан башка динди кааласа, андан (ибадаттары) кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот».

(3: 85).

Аллах Таала дагы мындай деген:

(قُلْ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْا إِلَىٰ كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلَّا نَعْبُدَ إِلَّا اللَّهَ وَلَا نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا وَلَا يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضًا أَرْبَابًا مِّن دُونِ اللَّهِ ۚ فَإِن تَوَلَّوْا فَقُولُوا اشْهَدُوا بِأَنَّا مُسْلِمُونَ)

Айткын: “О, китеп ээлери! Биз менен силердин араңарда окшош болгон сөзгө келгиле. (Ал сөз төмөндөгүчө:) “Аллахтан башкага ибадат-кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик келтирбейли жана Аллахты таштап, кээ бирөөлөрүбүз башка бирөөлөрүбүздү

Рабби-Кудай кылып албасын!” Эгер жүз бурушса, айткыла: “Күбө болгула, Биз – мусулмандарбыз”. (3: 64).

## Мен муслман болуу үчүн эмне кылуум зарыл?

Исламга кирүү үчүн ыймандын төмөнкү алты түркүгүнө ишенүү важыб болот:

Аллах Таалага ыйман келтирүү, Ал Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Башкаруучу, Падыша. Ага окшош эч нерсе жок. Анын жубайы да, баласы да жок. Ибадатка ылайыктуу Жалгыз Өзү.

Периштелерге ыйман келтирүү. Алар Аллахтын кулдары. Аларды нурдан жараткан. Алардын аткарган иштеринин бири элчи-пайгамбарларга аян-кабар алып түшүү.

Аллах Таала пайгамбарларына түшүргөн бардык китептерге (өзгөртүлбөгөн Тоорот менен Инжилге), алардын акыркысы болгон ыйык Куранга ишенүү.

Нух, Ибрахим, Муса, Иса сыяктуу бардык пайгамбарларга жана алардын

акыркысы Мухаммадга, алардын баары адам баласы экенине, аларга аян-кабар түшүргөнүнө, алардын чын экенине далил болгон муъжизаларды, белгилерди бергенине ишенүү.

Аллах Таала илгерки жана кийинкилерди тирилтип, калайыкка өкүм чыгарып, ыймандууларды бейишке, каапырларды тозокко киргизе турган кыямат күнүнө ишенүү.

Тагдырга, Аллах Таала өтмүштө болгонду да, келечекте болорду да билерине, аларды билип, жазып, каалап, бардык нерсени жаратарына ишенүү.

## Ислам - бактылуулуктун жолу.

Ислам бир эле арабтардын дини эмес, ал бардык пайгамбарлардын дини.

Ислам бул дүйнөдөгү чыныгы бакыттын жана акыреттеги түгөнгүс нээмат-жакшылыкка жетүүнүн жолу.

Ислам рух менен дененин муктаждыгын толтура турган, инсаниyттын бардык

көйгөйлөрүн чече ала турган жападан жалгыз дин.

Аллах Таала минти айткан:

{قَالَ اهْبِطَا مِنْهَا جَمِيعًا بَعْضُكُمْ لِبَعْضٍ عَدُوٌّ فَإِمَّا يَأْتِيَنَّكُمْ مِنِّي هُدًى فَمَنِ اتَّبَعَ هُدَايَ فَلا يَضِلُّ وَلا يَشْقَى وَمَنْ أَعْرَضَ عَنْ ذِكْرِي فَإِنَّ لَهُ مَعِيشَةً ضَنْكًا وَنَحْشُرُهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ أَعْمَى

(Аллах) Айтты: «Бардыгыңар бири-бириңерге (адам шайтанга, шайтан адамга) душман болгон абалда бейиштен түшкүлө! Эми, (оо, инсандар) силерге менден туура жол (дин) келет. (Ошондо) ким менин жолума ээрчисе, адашпайт жана бактысыз болбойт.

Ал эми, ким менин зикиримден (Китебимден) жүз бурса, ага тар (оор) жашоо бар. Аны кыямат күнү сокур абалда тирилтебиз».

(20: 123,124).

## Исламды кабыл алуу мага кандай пайда алып келет?

Исламга кирүүнүн көптөгөн чоң пайдалары бар. Алардын кээ бири төмөнкүлөр:

Аллахка кул болуу аркылуу бул дүйнөдө ийгиликке жана сый-урматка жетет. А эгер андай болбосо, анда шайтанга, напсисине жана кумар каалоосуна кул болот.

Акыреттеги эң чоң утуш - бул, тозоктун азабынан кутулуп, бейишке кирүү жана Аллахтын ыраазылыгын таап, бейиште түбөлүк калуу.

Аллах бейишке киргизген адамдар анда түбөлүк жыргалчылыкта жашашат, анда өлүм, ооруу, кайгы-капа, карылык деген нерселер болбойт. Анда эмнени кааласа, ошого жетишет.

Бейиште көз көрбөгөн, кулак укпаган, эч бир инсандын кыялына келбеген жыргалчылыктар бар.

Аллах Тааланын төмөнкү сөзү буга далил:

﴿مَنْ عَمِلَ صَٰلِحًا مِّن ذَكَرٍ أَوْ أُنثَىٰ وَهُوَ مُؤْمِنٌ فَلَنُحْيِيَنَّهُۥ حَيَوٰةً طَيِّبَةً وَلَنَجْزِيَنَّهُمْ أَجْرَهُم بِأَحْسَنِ مَا كَانُوا۟ يَعْمَلُونَ﴾

«Ыймандуу болуп, жакшы амалдарды кылган эркек жана аялдарга Биз жакшы жашоо беребиз жана

аларды кылган амалдарынан жакшыраак сыйлыктар менен сыйлайбыз». (16: 97).

## Исламдан баш тартсам эмне жоготом?

Мындай адамдар Аллахты билүү жана таануу деген эң зарыл илимден куру калат. Адамга бул дүйнөдө амандык жана бейпилдик, акыретте түбөлүктүү жакшылык тартуулай турган Аллахка болгон ыймандан куру калышат.

Аллах Таала адамдарга түшүргөн эң улуу китеп менен таанышуу жана ага ыйман келтирүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарышат.

Улуу пайгамбарларга ыйман келтирүүдөн жана кыяматта алар менен бейиште бирге болуудан куру калат. Анын ордуна шайтандар, күнөөкөрлөр жана тагуттар менен бирге тозокто калат. Бул алар үчүн өтө жаман турак жана алар менен бирге болуучулар да өтө жаман.

Аллах Таала минтип айткан:

قُلْ إِنَّ الْخَاسِرِينَ الَّذِينَ خَسِرُوا أَنْفُسَهُمْ وَأَهْلِيهِمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ أَلا ذَلِكَ هُوَ الْخُسْرَانُ الْمُبِينُ (15) لَهُمْ مِنْ فَوْقِهِمْ ظُلَلٌ مِنَ النَّارِ وَمِنْ تَحْتِهِمْ ظُلَلٌ ذَلِكَ يُخَوِّفُ اللَّهُ بِهِ عِبَادَهُ يَا عِبَادِ فَاتَّقُونِ } .

Айткын: «Кыямат Күнү өздөрүнө жана үй-бүлөсүнө зыян келтирген адамдар чыныгы зыян тартуучулар! Көңүл бургула: Анык зыян тартуу – ушул! (15)

Алар үчүн (Кыяматта) үстүлөрүнөн да, астыларынан да жалындуу «көлөкөлөр» бар. Аллах Өз пенделерин ушу менен коркутат. Оо, пенделерим! Менден гана корккула!»

(39: 15-16).

## Чечим чыгарууну кечиктирбеңиз!

Дүйнө түбөлүктүү жай эмес.

Жакында анын бардык коздуугу соолуп, бардык ырахаты түгөнөт.

Жакында ар бир кылган ишиңдин эсебин бере турган күн келет. Бул Кыямат күнү. Аллах Таала минтип айткан:

{وَوُضِعَ الْكِتَابُ فَتَرَى الْمُجْرِمِينَ مُشْفِقِينَ مِمَّا فِيهِ وَيَقُولُونَ يَا وَيْلَتَنَا مَالِ هَذَا الْكِتَابِ لاَ يُغَادِرُ صَغِيرَةً وَلاَ كَبِيرَةً إِلاَّ أَحْصَاهَا وَوَجَدُوا مَا عَمِلُوا حَاضِرًا وَلاَ يَظْلِمُ رَبُّكَ أَحَدًا}

«Анан китеп (амал дептерлер) берилет. Сен анан, кылмышкерлерди, андагы (жазылган) иштеринен коoптонуп: «Эх, өлдүк! Бул эмне деген китеп?! Чоң-майда күнөөлөрүбүздүн бирин да калтырбай тизмектеп коюптур!» дешет жана жасаган жоруктарын (ошол китептин ичинде) даяр абалда табышат. Сенин Раббиң эч кимге зулумдук кылбайт». (18: 49).

Аллах Таала мусулман болбогон адамдын барар жери түбөлүктүү тозок экенин кабарлаган.

Жоготуу жеңил болбойт, аябай оор болот:

{وَمَن يَبْتَغِ غَيْرَ الْإِسْلَامِ دِينًا فَلَن يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِي الْآخِرَةِ مِنَ الْخَاسِرِينَ }

«Жана ким Исламдан башка динди каалаcа, андан (ибадаттары) кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот». (3: 85).

Ислам - бул, Аллах Таала андан башка диндерди кабыл кылбаган жалгыз дин.

Бизди Аллах жаратты. Биз Ага кайтып барабыз. Бул дүйнө жашоосу бизге сыноо.

Бул дүйнөнүн түш сыяктуу кыска экенине бөркүңдөй ишенгин! Эч бир адам өзүнүн качан өлөрүн билбейт.

Кыямат күнү Раббиңдин: Эмне үчүн акыйкат динди кабыл кылбадың? Эмне үчүн акыркы пайгамбарды ээрчибедиң? деген суроолоруна жообуң кандай болот?

Кыямат күнү Раббиңе эмне деп жооп бересиң. Ал сага исламга ишенбөөнүн зыяны тууралуу эскерткен эле. Каапырлардын бара турган жери түбөлүк тозок оту экенин кабар берген эле.

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَالَّذِينَ كَفَرُوا وَكَذَّبُوا بِآيَاتِنَا أُولَئِكَ أَصْحَابُ النَّارِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ﴾ [2: 39].

«Биздин аяттарыбызга каапыр болуп, жалганга чыгаргандар, мына ошолор тозоктун тургундары, алар анда түбөлүк калышат».

(2: 39)

## Акыйкатты таанып, ата-бабалардын жолун сокур ээрчүү эч кандай үзүр-шылтоо боло албайт.

Адамдардын көбү өздөрү жашап жаткан чөйрөдөн коркуп Исламга кирүүдөн баш тартаарын Аллах Таала бизге кабарлаган.

Көпчүлүк адамдар ата-бабасынан мурас калып, ага көнүп алган ишенимдерин өзгөртүүгө кызыкпаганы үчүн эле Исламга кирүүдөн баш тартып жүрүшөт. Дагы бир топ адамдарды ата-бабаларынан мурас калган сокур ээрчүү жана жалганды коргоо динге кирүүдөн тыйып турат.

Мунун баары аларга үзүр-шылтоо боло албайт. Алар Аллахтын алдында эч кандай далилдери жок тура турган күн келет.

Атеисттин: Мен атеисттин үй-бүлөсүндө туулдум, атеист боюнча калам деп айтканы шылтоого жарабайт. Тескерисинче, ал Аллах берген акылын иштетип

пайдаланышы керек. Асман-жердин улуктугуна пикир кылышы керек. Бул жаратылыштын Жаратуучусу бар экенине Жаратуучусу берген акылы менен пикир кылуусу керек. Ошондой эле тоо-ташка, бут-буркандарга сыйынып жүргөндөргө да ата-бабасын шылтоо кылуу жарабайт. Акыйкатты издеп, өзүнөн-өзү: кантип мени укпаган, көрбөгөн, мага пайда-зыян берген жансыз затка сыйынам деп сурасын?!.

Ошондой эле, таза табиятка жана акылга карама-каршы келген иштерге ишенип жүргөн христиан да: Кантип эле Кудай өзү эч кандай күнөө кылбаган баласын башка бирөөлөрдүн күнөөсү үчүн өлтүрүп койсун? Бул залымдык эмеспи? Кантип эле адамдар Кудайдын баласын ача жыгачка керип өлтүрө алышсын? Кудай алардын күнөөсүн баласын өлтүрүү аркылуу эмес, жөн эле кечирип жиберсе болбойт беле? Өзүнүн баласын куткарып калууга Кудайдын кудурети жетпейби? - деген суроолорду өзүнө бериши керек болчу.

Негизи келип акылдуу адамга акыйкатты эрчүү важыб. Ата-бабасынан калган жалганды сокур ээрчүүсү жарабайт.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِذَا قِيلَ لَهُمۡ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَإِلَى ٱلرَّسُولِ قَالُواْ حَسۡبُنَا مَا وَجَدۡنَا عَلَيۡهِ ءَابَآءَنَآۚ أَوَلَوۡ كَانَ ءَابَآؤُهُمۡ لَا يَعۡلَمُونَ شَيۡـٔٗا وَلَا يَهۡتَدُونَ﴾

«Качан (мушриктерге): “Аллах түшүргөн нерсеге (Куран өкүмдөрүнө) ээрчигиле” - деп айтылса, алар: “Жок, биз ата-бабаларыбыздын үрп-адаттарына ээрчийбиз” дешет. Эгер ата-бабалары эч нерсеге акыл жүгүртпөгөн жана туура жол таппаган адамдар болсо да (ошенте беришеби)?!» (5: 104).

## Исламды кабыл алууну каалап, бирок жакындарынын зыянынан корккон адам эмне кылуусу керек?

Исламды кабыл кылгысы келип, бирок чөйрөсүнөн корккон адам, Исламды кабыл

кылып, бирок анысын качан Аллах ага жеңилдик берип, ачыкка чыгарууга мүмкүнчүлүк болгонго чейин жашыруун карманып турса болот.

Сенин Исламды тез арада кабыл кылууң зарыл. Бирок эгер сага зыяны тие турган болсо, Исламды кабыл кылганыңды айланаңдагыларга кабарлап, жарыялабай турсаң болот.

Эгер сен Ислам динин кабыл кылсаң, миллиондогон мусулмандарга бир тууган болосуң. Өзүң жашаган жердеги мечит, Ислам борборлору менен байланышып, алардан кеңеш, жардам сурасаң болот. Алар сага кубануу менен жардам беришет.

Аллах Таала минтип айткан:

{وَمَنْ يَتَّقِ اللَّهَ يَجْعَلْ لَهُ مَخْرَجًا وَيَرْزُقْهُ مِنْ حَيْثُ لَا يَحْتَسِب}

"Ким Аллахтан корксо, ага (кыйынчылыктан) чыга турган жол ачат жана оюна келбеген жактан ырыскы берет.

(65 :2-3).

## Урматтуу окурман!

Сага бардык нээмат-жакшылыктарды берген, сен энеңдин курсагында түйүлдүк болуп жатканыңда сени азыктандырган, азыр кере-кере дем алып жаткан абаны берип жаткан Жаратуучуң Аллахтын ыраазылыгы адамдардын ыраазылыгына караганда маанилүүрөөк эмеспи?

Дүйнө жана акыреттин бактысы, жеңиши - убактылуу жашоонун кызыкчылыктарын курмандык кылууга татыктуу эмеспи? Албетте, татыктуу, Аллахка ант болсун!

Туура эмес жолуңду оңдоп, туура ишти баштоого өтмүшүңдүн жолтоо болуусуна жол бербе!

Бүгүн чыныгы ыймандуу бол! Акыйкатты ээрчүүдөн тыйууга шайтанга мүмкүнчүлүк бербе!

Аллах Таала минтип айткан:

{يَا أَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَاءَكُمْ بُرْهَانٌ مِنْ رَبِّكُمْ وَأَنزَلْنَا إِلَيْكُمْ نُورًا مُبِينًا (174) فَأَمَّا الَّذِينَ آمَنُوا بِاللَّهِ وَاعْتَصَمُوا بِهِ فَسَيُدْخِلُهُمْ فِي رَحْمَةٍ مِنْهُ وَفَضْلٍ وَيَهْدِيهِمْ إِلَيْهِ صِرَاطًا مُسْتَقِيمًا (175) }

"Эй адамдар! Силерге Раббиңерден анык далилдер келди жана силерге анык нурду (Куранды) түшүрдүк.

Аллахка ишенип, Ага бекем таянгандарды Аллах Өзүнүн ырайым жана жакшылыгына киргизип, аларды туруктуу түз жолго баштайт".

(4: 174,175).

## Сен өз жашооңдогу эң маанилүү чечимди чыгарууга даярсыңбы?

Эгер жогоруда айтылгандар сен үчүн акылга сыярлык болсо жана сен жүрөгүң менен чындыкты сезе алган болсоң, анда мусулман болуу үчүн биринчи кадамды ташташың керек. Жашооңдогу эң мыкты чечимди чыгарууга менин жардам беришимди жана кантип мусулман болуу боюнча жол көрсөтүүмдү каалайсызбы?

Сени күнөөлөрүң Исламга кирүүдөн тосуп койбосун. Аллах Таала Куранда эгер адам Ислам динин кабыл алып, Жаратуучусуна тообо кылса, анын бардык күнөөлөрүн кечирерин кабарлаган. Атүгүл

сен динди кабыл кылгандан кийин деле пенделик кылып күнөө кылсаң, биз баарыбыз күнөө кылабыз, биз периште эмеспиз, бирок бизден талап кылынган нерсе Аллахка тообо кылып, кечирим тилөө. Аллах сенин акыйкатты кабыл алууга шашканыңды, Исламды кабыл кылганыңды жана эки ыйман күбөлүгүн айтканыңды көрсө, Ал сага башка күнөөлөрдү таштоого жардам берет. Ким Аллахка кайрылып, акыйкатты ээрчисе, Аллах ага андан да чоң жакшылыктарды берет. Андыктан Исламды азыр кабыл кылууга экиленбе.

Аллах Тааланын төмөнкү сөзү буга далил:

﴿قُل لِّلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِن يَنتَهُواْ يُغۡفَرۡ لَهُم مَّا قَدۡ سَلَفَ﴾

"(Оо, Мухаммад!) Каапыр пенделерге айт, эгер токтотушса, өткөн күнөөлөрү кечирилет". (8: 38).

# Мусулман болуу үчүн эмне кылуум керек?

Исламга кирүүнүн жолу жеңил. Эч кандай жөрөлгөгө, эч кандай расмий иш чарага, же бирөөнүн катышуусуна муктаждык жок. Жөн гана келме келтирип, анын маанисин түшүнүп, ага ишенүү жетиштүү. Тагыраак айтканда: "Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок экенине жана Мухаммад Анын элчиси экендигине күбөлүк берем" деп айтуу керек. Эгер мүмкүн болсо келмени араб тилинде айтканың жакшы. Эгер арабча айтуу кыйын болсо, анда өз эне тилиңде айтканың жетиштүү. Ушуну менен мусулман болосуң. Андан кийин бул дүйнөдө бакыттын, акыретте болсо кутулуундун булагы болгон диниңди үйрөнө бересиң...

Ислам тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн төмөнкү сайттарга кайрылсаңыз болот:
https://quranenc.com/ar/home/redir/?iso_code=ar

Исламды кантип тутунууну үйрөнүү үчүн төмөнкү сайтка кирүүнү сунуштайбыз: https://byenah.com/ar/muslims

# Мазмуну

Мени ким жараткан? Эмне үчүн жараткан? ...................... 2

Ар бир нерсе Жаратуучунун бар экенине далил боло алат. ................................................................................ 2

Кемчиликтен Аруу Аллах Таала .......................................... 4

Кемчиликтерден Аруу Аллах Тааланын сыпаттары ............ 6

Ибадатка татыктуу болгон Рабби эч кемчилиги жок сыпаттар менен сыпатталууга тийиш. ............................................... 7

Жаратуучубуз бизди (жаратып, анан) аян-кабарсыз калтырып коюусу акылга сыя турган ишпи? .....................10

Ыйык Куран .........................................................................13

Эмне үчүн көп сандагы элчилер жиберилген? ..................14

Элчи-пайгамбарлардын баарына ишенмейинче адам ыймандуу боло албайт. ...........................................................16

Ислам деген эмне? ..............................................................17

Мусулмандар Иса пайгамбар тууралуу кандай ишенимде? ................................................................................ 20

Мен муслман болуу үчүн эмне кылуум зарыл? ............... 28

Ислам - бактылуулуктун жолу. .......................................... 29

Исламды кабыл алуу мага кандай пайда алып келет? .... 30

Исламдан баш тартсам эмне жоготом? .......................... 32

Чечим чыгарууну кечиктирбеңиз!.................................... 33

Акыйкатты таанып, ата-бабалардын жолун сокур ээрчүү эч кандай үзүр-шылтоо боло албайт. ................................... 36

Исламды кабыл алууну каалап, бирок жакындарынын зыянынан корккон адам эмне кылуусу керек? ................ 38

Урматтуу окурман!........................................................ 40

Сен өз жашооңдогу эң маанилүү чечимди чыгарууга даярсыңбы? ..................................................................41

Мусулман болуу үчүн эмне кылуум керек? ..................... 43

ky361v1.0 - 04/09/2026